DOI:10.26104/NNTIK.2022.55.81.005

*Өмуралиев Т.С., Асанова А.Ж.*

# СОҢ-КӨЛ КОТЛОВИНАСЫНДАГЫ БАТАЙ-АРАЛ АЙМАГЫНДА ӨСҮМДҮК КУРАМЫ ЖАНА ТАБИГЫЙ АБАЛЫ

*Омуралиев Т.С., Асанова А.Ж.*

# ЕСТЕСТВЕННОЕ СОСТОЯНИЕ РАСТИТЕЛЬНОГО СООБЩЕСТВА В УРОЧИЩЕ БАТАЙ-АРАЛ СОН-КУЛЬСКОЙ КОТЛОВИНЫ

*T. Omuraliev, A. Asanova*

# NATURAL STATES OF THE PLANT COMMUNITY IN THE BATAI-ARAL FRACT IN THE SON-KUL BASIN

*УДК: 580.006 (575.2) (4)*

*Бул макалада Каратал-Жапырык мамлекеттик жаратылыш коругунун Соң-Көл корук участкасындагы Кочкор районунун жайыт аянттары менен чектешкен уникалдуу Батай-Арал аянтында таралып өскөн негизги өсүмдүк түрлөрү жана учурдагы табигый абалына кыскача мүнөздөмө берилет. Жогоруда белгиленген өсүмдүк түрлөрү Батай Арал аянтында таралып өсүп, мамлекеттик жаратылыш коругунун корук режими сакталып тургандыктан бардык түрлөрдүн толук фенологиялык жашоо фазасы өз агымында өтүп тургандыгы белгиленди. Ал эми көл жээгиндеги мамлекеттик жаратылыш коругунан сырткары чектеш аянттарда антропогендик таасирлер (мал чарбачылыгы, туристтердин көп келүүсү жана автоунаалардын коп каттамы ж.б.у.с) болуп тургандыктан ал жерлердин өсүмдүүлүк кыртышынын тапталуусу, желип кетүүсү өтө салыштырмалуу байкалып турат. Чарбачылык жүргүзүлгөн жайыт аянттарында айрым өсүмдүктөр түрлөрү жок болуп кеткен.*

***Негизги сөздөр:*** *өсүмдүк, өсүмдүүлүк, саз, аянт, фенология, өсүмдүк түрлөрү, жайыт, Батай-Арал.*

*В этой статье приводится краткая характеристика естественного состояния и видовой состав произрастающих видов основных растений на площади Батай-Арал Сон-Кульского заповедного участка государственного природного заповедника "Каратал-Жапырык". Отмечено, что вышеперечисленные виды растений распространяются и произрастают в Батайском Приаралье, а государственный природный заповедник сохраняет государственный природный заповедник, поэтому полная фенологическая фаза жизни всех видов проходит в собственном течении. А кроме государственного природного заповедника на берегу озера, на прилегающих территориях наблюдается антропогенное воздействие (животноводство, частый туристический и автомобильный трафик и т.д.), поэтому вытаптывание и эрозия растительности в тех местах относительно заметны. Некоторые виды растений исчезли на пастбищах, где велось земледелие.*

***Ключевые слова:*** *растения, растительность, болота, площадь, фенология, виды растений, пастбище, остров Батай.*

*This article provides a brief description of the natural state and species composition of the growing species of the main plants in the Batai-Aral area of the Son-Kul protected area of the Karatal-Zhapryk State Nature Reserve, which is located in the Kochkor region. It was noted that the above-mentioned plant species spread and grow in the Batai Aral area, and the state nature reserve preserves the state nature reserve, so the full phenological life phase of all species takes place in its own flow. And in addition to the state nature reserve on the lake shore, there are anthropogenic influences (cattle farming, frequent tourists and car traffic, etc.) in the neighboring areas, so the trampling and erosion of the vegetation in those places is relatively noticeable. Some plant species have disappeared in the pasture areas where farming was conducted.*

***Key words:*** *plants, vegetation, swamps, area, phenology, plant species, pasture, Bataille island.*

Соң-Көл көлү бийик тоолуу Ички Тянь-Шань тоо кыркасынын альпы, субальпы бийиктик алкагындагы уникалдуу тузсуз көл болуп саналат. Бул көлдүн айланасын бийик тоо шалбаалуу, саз фрагментиндеги жана ыраң-бетегелүү формациядагы өсүмдүк кыртыштуу экосистема курчап турат. Биз изилдеген Батай-Арал аймагында бийик тоодо таралып өскөн өсүмдүк курамынын көп түрдүүлүгү кездешет. Батай-Арал аймагы, анын ичинен көл менен курчалган жарым арал аянтында жайгаштырылган фенологиялык аянтыбыздагы өсүмдүктөрдүн түрдүк курамы жана табигый өсүштөрүнүн абалы белгиленип жазылган. Бул аянттын өзгөчөлүгү - котловинадагы көпчүлүк таралып өскөн өсүмдүк түрлөрүнүн ушул аянтта өскөндүгүндө жана бул аянт өзгөчө корголуучу жаратылыш аймагынын курамында болуп, катуу режим көзөмөлүндө болгондугунда. Изилдөөгө алынган бул фенологиялык аянтты курчай көл (суу) аянты болгондуктан, башка кургак жээк аянттардан нымдуу, мээлүүн, криофит - саз курам өсүмдүк өкүлдөрү же салкында өсүүчү ксеро-мезофиттик жана мезофит өсүмдүктөрдүн өсүшү байкалат [7].

Соң-Көл көлүнүн таза суусунун көлөмү 2,4 км3 түзөт. Көлдүн узуну 29 км, туурасы 18 км ге жетет. Максималдуу тереңдиги 14 м, орточо тайыздыгы 8,6 м түзөт. Максималдуу - 14 м болсо айрым маалыматтарда батыш тарабы 22 метр жана суунун көлөмү 292 км2 деп белгиленген. Тынымсыз куйма суулар: Кочкор району тарабынан Ак-Таш, Ак-Талаа району тарабынан Таш-Дөбө, Жумгал району тарабынан Кара-Кече жана мындан сырткары жыйырмага чукул майда жылгалуу ойдуңдуу нуктардан көлгө суулар куюлуп турат, июль айынын акыркы күндөрүнөн баштап суулар тартылып, көлгө жетпей калат [3].

Соң-Көл көлүнүн Кочкор району тарабында же көлдүн Түндүк Чыгышында Батай-Арал аталышындагы жарым арал жайгашкан. Географиялык координаттары: N 410 51.518', E 075015 735'. Бул арал аянты толугу менен Каратал-Жапырык мамлекеттик жаратылыш коругунун көрук аймагы болуп саналат. Себеби бул аралдын түштүк батыш жээк этектеринде, саздак өлөң чөптүү кыртыштарда калың өскөн чөп кыртышы жапайы көл, сууда сүзүүчү жана сууга жакын жашоо мүнөзүн өткөргөн жапайы канаттуулардын жагымдуу жайы болуп саналат [4].

Соң-Көл өрөөнүндө жалпысынан жапайы таралып өскөн өсүмдүктөрдүн 300 гө жакын гүлдөөчү өсүмдүктөр, мох сымалдардан 4 түр, лишайниктерден 3 түр, балырлар 3 түр жана козу карындардан 5 түр кездешээри белгиленген. Ошондой болсо дагы көл аянтындагы гидрофитобентос аз изилденген [6].

Батай-Арал аянтында учурда жакынкы аралыктарында же альпы, субальпы алкагындагы бийик тоолуу шарттагы таралып өскөн айрым өсүмдүк түрлөрүнүн экземплярлары сакталып калган. Батай Арал аянтынын жалпы аянты 105 га түзөт. Мамлекеттик жаратылыш коругунун илим кызматкерлери: Т.С. Өмүралиев, А.Ж. Асанова, участка башчысы К.Белеков жана егерь кызматкерлеринин О.Ысманов, К.Исманов, Р.Бекказиев, А.Бекказиевдердин көп жылдык өсүмдүктөргө байкоо жүргүзүү иштеринде белгиленгендей, бул арал аянтында жайлоого чыккан мал жайылып кирбегендиктен же мамлекеттик корук аянты болгондуктан, аз аянт болсо дагы өсүмдүүлүктүн түрдүк курамы салыштырмалуу сакталган жана өсүү фазалары табигый мүнөздө өтөт. Мамлекеттик жаратылыш корук аянтынан сырткары айыл чарба малдары жайылган чектеш жердеги жайыт аянттарында чөп кыртышынын малдар тарабынан желип турулушу жана тепселгендиктери абдан айырмаланып турат.

Батай-Арал жарым аралы Соң-Көл корук участкасындагы таралып өскөн өсүмдүк курамынын фенологиялык өсүү циклдарына мониторинг ишин жүргүзүү максатындагы табигый фенологиялык аянт болуп эсептелет. Бул аянтка 100 м2 аянтка фенологиялык байкоо жүргүзүү аянты жайгаштырылып, иштер аткарылып келе жатат.

Бул аянт өсүмдүүлүк бирдиги боюнча: криогумиддик тип группасынын, бийик тоолуу саз, көл өсүмдүүлүгү, бийик тоолуу субальпы мезофиттик өсүмдүүлүк тибине мүнөздүү. Ошондой болсо дагы бардык эле илимий адабияттарда белгиленгендей өсүмдүүлүк түрдүк курамы жарды болуп саналат [1].

Каратал-Жапырык мамлекеттик жаратылыш коругунун илим кызматкерлери жана Э. Гареев атындагы ботаникалык багы илимий изилдөө институтунун илимий кызматкерлери менен бирлгеликте Сон-Көл флорасын кошумча изилдөө иштери аткарылып келе жатат. Таралып өскөн бул аймактагы өсүмдүктөр өкүлүнөн 60 дан ашык түрлөрдүн гербарийлери чогултулуп алынган. Жаз мезгили салкын, жаан чачындуу болуп, экспедиция учуру август айында болгондуктан, жай мезгили кургак келип, эфемер жана эрте гүлдөгөн өсүмдүк түрлөрү урук байлаган фазасында болгондуктан, көпчүлүк өсүмдүк түрлөрүн аныктап алуу татаалга турду. Соң-Көл котловинасындагы өсүмдүктөргө көп жылдык мониторинг жүргүзүлгөн иштердин негизинде өсүмдүүлүк курамынын акырындап өзгөрүлгөндүгү байкалып, бирок ошондой болсо дагы көл жээк аянттарында бетеге ыраң өсүмдүүлүк катмары доминант болуп калууда [5].

Батай-Арал жарым аралынын аянтынын Түштүк Чыгыш жээги ыраңдуу саз аянты жана сууда чөгөрүлгөн ар кандай өсүмдүктөр курамынан турат. Ошондой эле бул аянтта Ички-Тянь-Шань тоо кыркаларында камтылган бийик тоолуу субальпы, альпы шалбааларына жана бийик тоолуу адырлардагы таралып өскөн мүнөздүү өсүмдүктөр кездешет [2].

*1-таблица*

**Экспедиция учурундагы белгиленген жана Каратал-Жапырык мамлекеттик жаратылыш коругунун фенологиялык аянты болгон Батай-Арал аянтында таралып өскөн негизги өсүмдүктөрдүн тизмеси**

| № | Илимий аталышы | Кыргызча аталышы | Орусча аталышы |
|---|---|---|---|
| | ***Cyperaceae*** | ***Ыраңдар*** | ***Осоковые*** |
| 1. | *Cobresia humilis* | Жапыз өскөн доңуз сырт | Кобрезия низкая |
| 2. | *Cobresia stenocapa* | Ичке мөмөлүү доңуз сырт | Кобрезия узкоплодная |
| 3. | *Carex acuta* | Курч жалбырактай ыраң | Осока острая |
| 4. | *Carex alba L.* | Агыш ыраң | Осока белая |
| 5. | *Carex aterrima Hoppe* | Кара ыраң | Осока тёмная |
| 6. | *Carex capillaries L.* | Чач түрдүү ыраң | Осока волосовидная |
| 7. | *Carex stenocapa* | Кууш мөмөлүү ыраң | Осока узкоплодная |
| 8. | *Carex turkestanica Regel.* | Туркестан ыраңы | Осока туркестанская |
| 9. | *Carex melanostachya Bieb.ex Willd.* | Кара машактуу ыраң | Осока черноколосая |
| 10. | *Carex melananta C.A.Mey.* | Кара баш гүл ыраң | Осока черноцветковая |
| | ***Poaseae*** | ***Дан жылган*** | ***Мятликовые*** |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 11. | *Agropyron repens* | Сойломо буудайык | Пырей ползучий |
| 12. | *Agrostis gigantea* | Агростис жылган | Полевица гигантская |
| 13. | *Alopecurus geniculatus* | Түлкү куйрук чөп | Лисохвост коленчатый |
| 14. | *Alopecurus pratensis* | Шалбаа түлкү куйругу | Лисохвост луговой |
| 15. | *Anthoxanthum alpinum* | Альпы сары машагы | Пахучеколосник альпийский |
| 16. | *Apera interrupta* | Апера | Мятлица прерывистая |
| 17. | *Poa pratensis* | Шалбаа жылганы | Мятлик луговой |
| 18. | *Poa relaxa Ovcz.* | Сойломо жылган | Мятлик расползающийся |
| 19. | *Phleum alpinum* | Альпы флеуму, ак сокто | Тимофеевка альпийская |
| 20. | *Deschampsia caespitosa* | Дешампсия кеспитоза | Луговик дернистый |
| 21. | *Elymus nutans* | Элимус нутанс | Волоснец поникщий |
| 22. | *Festuca valesiaca* | Валисса бетегеси | Овсяница валезийска |
| 23. | *Festuca pratensis* | Шалбаа бетегеси | Овсяница луговая |
| 24. | *Festuca kirghisorum* | Крылов бетегеси | Овсяница крылова |
| 25. | *Stipa breviflora Griseb.* | Кыска гүлдүү ак кылкан | Ковыль короткоцветковый |
| 26. | *Stipa capillata* | Чачылуу ак кылкан | Ковыль волосатик |
| 27. | *Stipa pennata* | Канаттуу ак кылкан | Ковыль перистый |
| 28. | *Stipa orientalis* | Чыгыш ак кылканы | Ковыль восточный |
| | ***Ranunculus*** | ***Байчечекейлер*** | ***Лютиковые*** |
| 29. | *Trollius dschungaricus Regel* | Жунгар троллиусу | Купальница джунгарская |
| 30. | *Ranunculus alberti Regel et Schmalh.* | Альберт байчечекейи | Лютик Альберта |
| 31. | *Ranunculus natans C.A.Mey* | Байчечекей | Лютик плаваюҵий |
| 32. | *Aconitum rotundifolium* | Ак кодол | Аконит круглолистный |
| | ***Compocitae*** | ***Татаал гүлдүүлөр*** | ***Сложноцветные*** |
| | *Inula rhizocephala Schrenk* | Тамырбаш карындыз | Девясил корнеглавый |
| 33. | *Solidago dahurica Kitag* | Даурия алтынчыгы | Золотарник даурский |
| 34. | *Erigeron aurantiacus Regel* | Кызгылт сары жылтыр гүл | Мелколепестник оранжевый |
| 35. | *Artemisia macrosephala Jacg.ex Besser* | Мамыр шыбак чөп | Полынь крупнокорзиночная |
| 36. | *Leontopodium ochroleucum* | Мамыры гүл, агыш сары ак маңдай. | Эдельвейс бледножёлтый |
| 37. | *Ligularia narynensis (C.Winkl)* | Нарын кой жалбырагы | Бузульник Нарынский |
| 38. | *Ligularia alpigena Pojark.* | Альпы кой жалбырагы | Бузульник альпийский |
| 39. | *Crepis sibirica L.* | Сибирь креписи | Скерда сибирская |
| 40. | *Doronicum altaicum Pall.* | Алтай дороникуму | Дороникум алтайский |
| 41. | *Cousinia schischkinii Juz.* | Шишкин тикенеги | Кузиния Шишкина |
| 42. | *Taraxacum alpigenum Dshanaeva* | Бийик тоо каакымы | Одуванчик высокогорный |
| 43. | *Taraxacum collinum DC.* | Дөбө каакымы | Одуванчик холмовой |
| 44. | *Taraxacum leucanthum (Lebed.)* | Ак гүлдүү каакым | Одуванчик белоцветковый |
| 45. | *Piretrum pirethroides (Kar. et Kir.)* | Пиретроиддей пиретрум | Поповник пиретроидный |
| | ***Gentiana*** | ***Базиндер*** | ***Горечавковые*** |
| | *Gentiana turkestanorum* | Түркестан көк базини | Горечавка туркестанская |
| 46. | *Gentiana karelinii Griseb* | Карелини көк базини | Горечавка Карелини |
| 47. | *Gentiana kirilowii Turcz.* | Кирилов көк базини | Горечавка Кирилова |
| | ***Rosaceae*** | ***Роза гүлдүүлор*** | ***Розацветные*** |
| 48. | *Potentilla orientalis* | Чыгыш сары каз таман | Лапчатка восточная |
| | ***Apiaseae*** | ***Чатыр гүлдүүлөр*** | ***Зонтичные*** |
| 49. | *Aegopodium alpestre ledeb* | Тоо элик балтырканы | Сныть горная |
| | ***Rubiaceae*** | ***Мареналар*** | ***Мареновые*** |
| 50. | *Galium verum L.* | Кадимки галиум | Подмаренник настояший |
| | ***Labiatae*** | ***Эрин гүлдүүлөр*** | ***Губоцветные*** |
| 51. | *Scutelaria paulsenii Brig. (S.oligodonta Juz.)* | Паульсендин текөөрчеги | Шлёмник Паульсена |
| 52. | *Scutelaria przewalskii* | Пржевальский текөөрчеги | Шлемник Пржевальского |
| 53 | *Dracocephalum paulsenii Brig.* | Эки түстүү аркар оту | Змееголовник Паульсена |
| 54. | *Thymus seravschanicus Klok* | Зеравшан кийик оту | Тимьян зеравшанский |
| | ***Caryophyllaceae*** | ***Чеге гүлдүүлөр*** | ***Гвоздичные*** |
| 55. | *Stellaria brachypetala Bunge* | Кыска желекчелүү жылдызча | Звездчатка коротколепестная |
| 56. | *Silene vulgaris (Moench) Garcke* | Кадимки чайыр гүл | Смолёвка обыкновенная |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 57. | *Stellaria umbelata T* | Чатырчалуу жылдызча | Звездчатка зонтичная |
| 58. | *Cerastium cerastoides (L) Britt* | Кадимки серастиум | Ясколка ясколковидная |
| | ***Primulaceae*** | ***Көктөмдүктөр*** | ***Примула*** |
| 59. | *Primula pamirica Fed (P.sibirica auct.nonjagd.)* | Памир көктөмдүгү | Первоцвет памирский |
| 60. | *Primula algida Adams* | Суукчул көктөмдүгү | Первоцвет холодный |
| | ***Polygonaceae*** | ***Кымыздыктар*** | ***Гречишные*** |
| 61. | *Polygonum amphibium L.* | Жер суу кымыздыгы | Горец земноводный |
| 62. | *Polygonum hydropiper L.* | Суу кымыздыгы | Горец водяной перец |
| | ***Plantaginaceae*** | ***Бака жалбырактар*** | ***Подорожниковые*** |
| 63. | *Plantago arachnoidea Schrenk* | Железүү бака жалбырак | Подорожник паутинистый |
| 64. | *Plantago depressa Schlecht* | Нык бака жалбырак | Подорожник прижатый |
| | ***Orchidaceae*** | ***Орхидеялар*** | ***Орхидные*** |
| 66. | *Dactylorhiza umbrosa* | Көлөкө манжа тамыр орхидей | Пальчатокоренник Ятрышник теневой |
| | ***Onagraceae*** | ***Кипрейлер*** | ***Кипрейные или Ослинниковые*** |
| 67. | *Epilobium palustre L.* | Саз эпилобиуму, кипрейи | Кипрей болотный |
| | *Chamaenerion angustifolium (L) Scop. (chamerion angustifolium (L) Holub)* | Ичке жалбырактуу иван чайы | Иван чай узколистный |
| | ***Liliaceae*** | ***Лилиялар*** | ***Лилейные*** |
| 69. | *Eremurus fuscus (O.Fedtsch.) Vved* | Күрөң чыраш | Эремурус загорелый |
| 70. | *Allium carolinianum* | Каролин пиязы | Лук каролинский |
| | ***Scrophulariaceae*** | ***Коңур гүлдүүлөр*** | ***Норичниковые*** |
| 71. | *Pedicularis oederi Vahl* | Эдер ак шыраалжыны | Мытник Эдера |
| 72. | *Pedicularis rhinanthoides Schrenk* | Шартылдактай ак шыраалжын | Мытник погремковый |
| 73. | *Pedicularis ludwigii Regel* | Людвиг ак шыраалжыны | Мытник Людвига |



**1-сүрөт.** Коруктун кызматкерлери экспедиция учурунда 2022-жыл август айы).





**2-сүрөт.** Көлөкө манжа тамыр орхидей. **3-сүрөт.** Тоо элик балтырканы.

Жогоруда белгиленген өсүмдүк түрлөрү Батай Арал аянтында таралып өсүп, мамлекеттик жаратылыш коругунун корук режими сакталып тургандыктан бардык түрлөрдүн толук фенологиялык жашоо фазасы өз агымында өтүп тургандыгы белгиленди. Ал эми көл жээгиндеги мамлекеттик жаратылыш коругунан сырткары чектеш аянттарда антропогендик таасирлер (мал чарбачылыгы, туристтердин көп келүүсү жана автоунаалардын коп каттамы ж.б.у.с) болуп тургандыктан ал жерлердин өсүмдүүлүк кыртышынын тапталуусу, желип кетүүсү өтө салыштырмалуу байкалып турат. Чарбачылык жүргүзүлгөн жайыт аянттарында айрым өсүмдүктөр түрлөрү жок болуп кеткен. Ошондуктан эрте күздө күн температурасынын кайрадан жогорулашынан же жаан чачындын санынын аздыгынан жайыт аянттардагы чөп кыртышы куурап кетип, жашаң болгон көл жээгиндеги ыраң-бетегелүү аянттарга мал тартылып турат. Батай Арал аянты жай мезгилинде чарба жүргүзүүчү субъектилерге абдан жакын жайгашкан.

**Корутунду:**

- Каратал-Жапырык мамлекеттик жаратылыш коругунун Соң-Көл корук участкасынын өсүмдүк катмары көп түрдүүлүктү камтыган аянттарын жана ал жерде табигый жашоо циклдарын өткөргөн суулуу саздак жерлердин канаттуулардын көп топтолгон аянттарын мыйзамдуу суу коргоо тилкесин эске алуу менен атайын тор тосмолор менен тосуу керек;

- Канаттууларды көрүүгө келген орнитологиялык туризм иштерин туура жана өз учурунда, канаттуулардын тынч жашоосуна тоскоол келтирбей турган атайын көрүүчү аянттарды түзүү;

- Батай-Арал аянтында таралып өскөн өсүмдүк түрлөрүн дагы толук тактап, түрдүк тизмесин толуктоо жана илимий мониторинг иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүп туруу;

- Каратал-Жапырык мамлекеттик жаратылыш коругунун геоботаникалык картасын түзүү боюнча атайын флорист адистерден турган экспедициялык иштерди улантуу;

- Жергиликтүү тургундарга жапайы таралып өскөн өсүмдүк түрлөрүн коргоо, жайыт аянттарын сарамжалдуу пайдалануу боюнча түшүндүрмөлөрдү берүү, экологиялык агартуу иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүп туруу;

**Адабияттар:**


1. Ботбаева М.М. Растительный мир Кыргызстана. - Бишкек: Издательство «Айат», 2007.
2. Чороев Б.К., Өмүралиев Т.С., Асанова А.Ж. Летопись природы ГПЗ Каратал-Жапырык. - 1- том. Нарын, 2015.
3. Асанов Ү.А., Карыпкулов А.К. Нарын облусунун энциклопедиясы. Кыргыз энциклопедиясынын башкы редакциясы. - Бишкек, 1998.
4. Адышев М.М., Каширин Ф.Т. НАН КР Атлас Кыргызской Республики. Т.1. Природные условия и ресурсы. - М., 1987.
5. Өмүралиев Т.С., Асанова А.Ж., Кенжебаев С.С., Бондарцова И.П., Арыкбаева Н.М. Соң-Көл корук аймагындагы «Каратал-Жапырык» мамлекеттик жаратылыш коругунун өсүмдүктөр жамааты». КР УИА кабарлары. №2, 2021-ж.
6. Ионов Р.Н., Лебедева Л. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик токой кызматы. Батыш Тянь-Шандын биологиялык түрдүүлүгүн сактоо боюнча глобалдык экологиялык фонддун Борбордук Азиялык мамлекеттер аралык долбоору. - Бишкек, 2003.
7. Лазьков Г.А., Султанова Б.А. Кадастр Флоры Кыргызстана. Сосудистые растения. НАН КР. - Бишкек, 2014.